*УДК: 894. 341. (0433)*

**Нурмаматова М.Т., окутуучу, ОшМУ**

# Чыңгыз Айтматов кыргыз адабиятчыларынын изилдөөсүндө (1960-1980-жылдар)

*Макалада Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын кыргыз адабиятчылары тарабынан изилденишиндеги айрым жалпылыктар жана карама-каршылыктар каралды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *жазуучу, совет адабияты, адабий сын, социалисттик реализм, көркөм ойлоо, концептуалдуу, чыгармачылык эволюция.*

*В данной статье рассмотрены некоторые все общие и противоположные стороны изучении творчества Ч. Айтматова среди кыргызских литературоведов.*

***Ключевые слова:*** *писатель, советская литература, литературная критика, социалистический реализм, худежественное мышление, творческая эволюция.*

Бүткүл дүйнөгө белгилүү кыргыз жазуучусу Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы жарым кылым бою кыргыз адабиятынын гана эмес, көп улуттуу совет адабиятынын жана дүйнөлүк адабияттын кайталангыс мурасы катары жашап келди. Жазуучунун чыгармалары бир нече тилге которулуп, бардык жерде кызыгуу менен окулуп, жазуучулардын, сынчылардын жана коомчулуктун назарын буруп, ар бир жаратылган чыгармасы эч кимди кайдыгер калтырбаган. Таланттуу кыргыз жазуучусунун чыгармачылыгы новатордук мүнөзү, мазмунунун жана формасынын жаңылыгы, күтүлбөгөндөй бурулуштары 1960-80-жылдардагы адабий процесстин көңүл борборунда болуп, адабиятчылар менен сынчылардын кеңири талкуусуна айланган.

Жазуучунун чыгармачылыгын талдоого алып изилдеген окумуштууларды совет бийлиги учурундагы жана кайра куруунун учурундагы изилдөөчүлөр деп карап иликтөөнү максат кылдык. Анткени, совет доорундагы орто мектептердин окуу китептеринде социалисттик реализм методунун чегинде каралып, чыгармалардын идеялык-тематикалык мазмуну бурмаланып берилген. Ал эми замандын кескин өзгөрүшү менен жазуучунун чыгармаларынын изилденишине бир топ өзгөчө көз караш изилдеген пикирлер айтылып, кайрадан карап чыгуу иштери жүргүзүлгөндүгү белгилүү.

«Кыргыз адабиятында адабий сын жана адабият таануу боюнча изилдөө жумуштары согуштан кийинки жылдарда башталып, бирин-экин макала, рецензия жазылып, аларда 20-30-жылдардын материалдарын системалаштырып, белгилүү бир жыйынтыктоочу пикир айтуу аракеттери көрүлгөн», – деген адабиятчы А. Садыковдун сөзүнө караганда, адабият жана анын теориясын изилдеген илим жана сын Ч. Айтматовдун чыгармаларынын жарык көрүш алдында жаңы телчиге баштаган деген ойду ырастайт [9:23]. Ал кыргыз адабиятынын деңгээли Ч. Айтматовдун чыгармаларынын чегинде изилдене баштагандыгын белгилейт. Бул жөнүндө адабий сында биринчилерден болуп А. Салиев: «Кыргыз адабиятында Ч. Айтматовдун чыгармаларынын пайда болушу, албетте, кокусунан болгон жок. Бул баарыдан мурда кыргыз адабиятынын жетилгендигинин фактысы, олуттуу чыгармачылык тажрыйбаларды топтогондугу, бир тууган адабияттардын үй-бүлөсүндөгү өнүгүшүнүн натыйжасы, улуу орус адабиятынан үйрөнгөндүгү», –дейт [6:440]. Ошентип, улуу орус тилинде чыккан адабий журналдарда жазуучунун ар бир жаратылган чыгармаларына кызуу, полемикалуу көз караштар болуп турганы менен, кыргыз тилиндеги адабий журналдар андай көз караштагы материалдар аз берилип, жазуучунун чыгармачылыгындагы дүйнөлүк адабияттын сересинен караган учурлары кыргыз тилдүү окурмандарга жеткиликтүү болгон эмес деген ой пайда болот. Ошентсе да, Ч. Айтматовдун алгачкы чыгармалары жөнүндө адабиятчы-сынчылар жана коомчулук арасында түрдүү карама-каршы пикирлер

жаралып, бир топ сын көз караштардан четте калбай, чоң талкууга айланып талдоого алынып, массалык маалымат каражаттарында жарыяланып турган. Анын адабий көркөм ишмердиги башталгандан кийин эле курч, кескин талаш-тартыштардын борборунда келген. (Айрым учурда кыргыз совет адабиятчылары тарабынан олдоксон, орой куугунтукка да дуушар болгон) Ошол кездин өкүлдөрүнө кайрылсак, алар төмөндөгүдөй көз караашта изилдешкен жана чыгармаларын чечмелешкен: окумуштуу Б. Керимжанова Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын социалисттик түзүлүш мезгилинде советтик адамдын аң-сезиминин канчалык бийик көтөрүлгөндүгүн, өз эркиндигин, укугун сезе билип, жеке кызыкчылыгын мамлекеттин, элдин кызыкчылыгы менен айкалыштыра алгандай жогорку граждандуулук, патриоттуулук, идеялуулук деңгээлге жеткендигин жазуучу көркөм ой жүгүртүүсүнөн өткөргөндүгүн айтса [9:345], «Бир кезде улуу «Манасты» жараткан элибиздин азыркы учурдагы көркөм ойлоосунун мурда болуп көрбөгөндөй жаңы бийиктигин биз Ч.Айтматовдун чыгармачылык турпатынан көрүп отурабыз», –деп белгилеген К.Артыкбаев [6:439]. Ал социалисттик реализм – реализмдин өнүккөн баскычы экендигин, бул адабият революциячыл кыймылдардын негизинде пайда боло баштап, өзүнө социалисттик идеяны пропагандалаган бирден бир жаңы адабияттын тарыхын түзгөндүгүн айтып келип, элдердин достугунун, интернационализм пафосунун калыптанып, андан ары өнүккөндүгүнүн көркөм фактыларын ачып берүү мүнөздүү экендигин белгилеп: «Адабий чыгарма социализм рухунда тарбиялоо милдети менен айкалышы абзел»,–деген совет бийлигинин жылдарында кыргыздын жаңыдан пайда болуп жаткан чыгармачыл интеллигенциясы турмушту социалисттик кайра куруу деген чакырыкты жандили менен жактап, жазуучунун чыгармачылыгын жалпы социалисттик реализм методунун негизинде кароого аракет кылышкан [6:440]. Бул окурмандардын ошол кездеги совет бийлигинин таасири менен кабылдоосуна негизделген.

Жогоруда биз сөз кылгандай, совет доорунда Айтматов жөнүндө жазылган эмгектерде (кээ бир авторлорду эске албаганда) көбүнчө жалпы, үстүрт маселелерге, идеялык-тематикалык белгилерге басым коюлган, жалпы лозунг үчүн айтылган ойлор ошол кездеги авторитеттүү деп эсептелген адабиятчы К.Артыкбаевдин жетекчилиги астында түзүлгөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхында» жазуучунун жаратып жаткан ийгилиги катары советтик түзүлүш, анын социалисттик идеяларынын ишке ашырылышы жана башка маселелерди чагылдыргандыгы айтылып, бирок социалисттик реализм методун, анын принциптерин бурмалаган же жете түшүнө албаган изилдөөчүлөрдүн калеминен супсак, үстүрт баяндалган. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын ушул таризде изилдеген окумуштуулардын эмгектери китеп дүкөндөрүнөн кеңири орун алып, жогорку окуу жайларында жана орто мектептердин окуу китептеринде берилип, ал эми жазуучунун чыгармачылыгындагы эң курч түрдө дискуссия чакырган проблемалардан болгон реалдуу турмушту көркөм сүрөттөөнүн улуттук негизи жөнүндөгү маселе, Айтматовдун устаттыгынын башкы сыры – көркөм ойлоонун ар тараптуулугунда жана көп катмардуулугунда экендиги, көркөм дүйнө көз карашынын системасы – элдик салтка таянгандыгы, батыш жана чыгыш элдеринин көркөм маданиятынын тажрыйбасын ширелиштире билгендиги, миф чыгармачылыгынын адам цивилизациясы менен тыгыз карым-катнашта кароо, көркөм психологиялык анализ, көрүнүштөрдү, процесстерди нравалык-эстетикалык аспектиде кароо, адамды жаратылыш менен болгон мамилесинин айтматовдук концепциясы, символикалуулук, пейзаж, анын улуттук колоритин бөтөнчө поэтикалуу сүрөттөөсү, жалпы адамзаттык прогрессивдүү идеяны издөөсү ж.б. конкреттүү изилдөөгө багытталган эмгектерди таап окуу кыйынга турчу.

Ч. Айтматовдун чыгармаларына кайрылган адабиятчы-сынчылардын бир канча обзордук маанидеги эмгектери: Б. Ашимбаев «Ч. Айтматов» (1965), К. Асаналиев «Открытие человека современности. Заметки о творчесвто Ч. Айтматова» (1968), «Доор менен бирге», (1987), А. Акматалиев “Айтматов жана казак-кыргыз адабий байланышы”(1988), «Айтматовго таасирленүү» (1988), «Айтматовдун чыгармачылык жолу» (1988), «Ч. Айтматов. Жизнь и творчество» (1988), Л. Үкүбаева «Ч. Айтматовдун

каармандарынын көркөм дүйнөсү» (1984) ж.б. жарык көргөн. Бул авторлордун туруктуу далалаттарынын натыйжасы катары бара-бара адабият таануудагы жана адабий сындагы туруктуу агым пайда болгон. Булардын ичинен кыргыз адабиятында белгилүү адабиятчы Кеңешбек Асаналиевдин чыгармачылыгы өзгөчө орунду ээлейт. Анткени, Георгий Гачев, Лариса Лебедева, Владимир Лакшин, Виктор Левченко деген совет адабиятчылары менен бирге Кеңешбек Асаналиевдин да атактуу жазуучунун көркөм дүйнөсүнө арналган эмгектери жарык көрүп, дал ошол "айтматоведение" агымынын калыптанышына орчундуу салым кошкондугу талашсыз.

К. Асаналиев Ч. Айтматовдун социалисттик реализм методунун таасири менен жазылган чыгармалары («Бетме-беттен» тартып «Кыямат» романына чейин) жарык көргөн аралыктагы учурдун оңой жана кыйынга турган жактарын белгилеген. Анткени оңой жагы деп, жазуучунун атак-даңктын улам кийинки мунарасына чыгып отурганы болсо, кыйын жагы жазуучу бул аралыкты кантип басып өттү, байыркы мифологиялык желмогуздардан эмес, бет маңдайындагы желмогуздарды кантип «алдап», кантип жеңип өттү деген маселени айтууга болот. «Чын-чынына келгенде Ч.Айтматов жараткан адабий дүйнө, бул жалпы совет адабиятынын кыртышынан өнүп чыккан, бирок таптакыр башка, жаңы адабият эле», –деп белгилеген изилдөөчү [1:527].

Ал эми Ч. Айтматов адабий сындын философиялуу, концептуалдуу жана аналитикалык мүнөздө болушун баалайт: «Бийиктен караган талапчыл, сынчыл ой кашыңда турса, сен анын демин, катуу талабын, даанышман акылын ар дайым сезип турасың – буга кубануу гана керек», –дейт жазуучу [2:347]. Айтматов жаш кезинде чыгармаларын изилдеген же ага алгачкы сын-пикирлерин билдирген сынчылар деп К. Асаналиев, М. Борбугулов, К. Бобуловдордун атын атайт. Жазуучу замандаштарынын көз карашында такшалуулардын, машыгуунун нечен ашуу-белестерин басып өттү. Атактуу сынчы К. Бобулов «Чыгармачылыктын жаңы тилкеси» деген адабий-сын макаласында күйүп-бышып «Жамийланы» ур-токмокко алгандарга каршы чыгып, өз үнүн басмадан берүүгө аракет кылган чактагы кыйынчылыктарын эстеп келип: «…Мунун баары артта калды, мунун баары тарых болуп калды. Бирок изи калбаган эч нерсе болбойт. Ошондо көптөп төө бастыга алышкан Айтматов бүгүн дүйнөгө белгилүү жазуучу болду. Айтматовдун таланттуу чыгармаларынын аркасында зор дүйнө кыргыз элинин көркөм байлыгын, дүйнөсүн, асманын, тоолорун, дарыялары менен талаа-түздөрүн, анын жандуу рухун ачып, тааныды, ал өзүнүн чыгаан таланты менен өз элин адамзатка жана адамзатты өз элине жакындатты. Бул залкар таланты, тунук акылы, кажыбас күч-жигери бар адамдардын гана колунан келет», –деп учурунда Айтматовду жактап, анын талантын таанып билгендигин эскерет [7:325]. Жаш адабиятчы ошол кезде «Правда» газетасынын атайын кабарчысы катары Москвада өткөн кыргыз искусствосунун декадасында болуп, кыргыз совет адабиятынын абалы талкууланган конференцияга катышып, Ч.Айтматовду жактап, «Жамийла» менен «Бетме-бетти» көкөлөтө мактаган орус жазуучуларынын, сынчыларынын сөздөрүн жана чет өлкөлүк окурмандардын кызыгууларын көзү менен көрүп, кулагы менен угуп келип, таасирленип, жазуучунун бул ийгилигин коштоп, кыргыз адабият сынында биринчи ирет Айтматовдун повестинин жакшы жактарын териштирип чыгууга умтулуп, «Жамийла» повестинин кыргызча варианты тууралуу «Советтик Кыргызстан» гезитине жарыялагандыгы макалада айтылат.

Жогоркудай көз караштар, Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы, басып өткөн изи жана ишмердиги илимий, адабий изилдөөлөрдү жана тактоолорду талап кылат. Бизде жана чет мамлекеттерде Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы жөнүндө илимий жактан изилдеп, кыргыз адабиятын жана көп улуттуу совет адабиятын өнүктүрүүдөгү анын чыгармачылык салымын ачып көрсөткөн доктордук, кандидаттык диссертациялар жакталган. Жазуучунун көркөм дүйнөсү ар кандай идеялык-эстетикалык багытта (көркөмдүк, мазмундук, философиялык, жанрдык, педагогикалык, чеберчилик, таасир берүүчүлүк жана алуучулук, тарыхый, адабий, ж.б.) жана ар башка планда иликтөөгө алган рецензиялардан тартып, миңдеген сын-макалалар (обзордук, портреттик, полемикалык,

проблемалык) жүздөгөн монографиялар (биографиялык очерктер, диссертациялык эмгектер, эскерүүлөр, дил маектер) акырындап отуруп, айтматов таануу илиминин жаралып, калыптанып, өнүгүшүнө алып келди. «Улуу сүрөткердин чыгармачылыгы 20-кылымдын 60-жылдарынан бери активдүү изилденүүдө. Луи Арагон менен М. Ауэзовдун белгилүү макалаларында айтылган лиризм, психологизм, локанизм өңдүү белгилерден тарта, философиялуулук, фольклор менен мифтин, фантастиканын, жазуучунун чыгармачылыгындагы орду, поэтика, стиль ж.б. маселелер кыргыз жана союздук, ал тургай дүйнөлүк масштабда окумуштуу адистер тарабынан тереңдетилип ар тараптуу изилденген» [5:33].

Жазуучуну феномен катары карап, Ч. Айтматов таануу мектеби Кыргызстанда гана эмес дүйнөлүк адабиятта изилдөөгө алынгандыгын айтматов таануучулар белгилешет. Алгачкы чыгармаларын өзүнүн кургак баяндоодон алыс, жаңычыл жышаанды берген биринчи аңгемелерин жараткан болсо да, кийинки жазган «Бетме-бет» повестин «адабий дебютум» деп белгилейт. Коомдун кайсы гана мезгили болбосун, чыгармаларын улам алга умутулуп, бир канча сындан өтүп келе жаткан ар бир чыгармасы жаралганда бул анын башкача, мурда болуп көрбөгөндөй ийгилиги деп суктанып турган адабиятчылардын саны көбөйүп, барган сайын жазуучунун географиялык чөйрөсү кеңейип, орус тилинде жазылган үчүн башка тилдерге бат которулуп, дүйнөнү дүңгүрөтүп турушу көптөгөн адабиятчыларды, сынчыларды ар тараптуу изилдөөгө алууга, терең өздөштүрүп, үйрөнүүгө түрткү берген. Алар жазуучунун чыгармачыл жолундагы этаптуу мезгилдер жөнүндө ар түрдүү пикир айтышкан. Көпчүлүк кыргыз окумуштуулары Ч. Айтматовдун чыгармачылык эволюциясында үч мезгил бар деп эсептеген Г. Гачевдин оюна кошулуп, биринчи мезгилге «Бетме-бет», «Жамийла», «Ботогөз», «Кызыл жоолук жалжалым», «Биринчи мугалим» повесттерин киргизген, экинчи мезгилге «Саманчынын жолу», «Гүлсарат» повесттерин кошот. үчүнчү мезгилге «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повесттерин, «Кылым карытар бир күн» романын киргизишет. Бөлүштүрүүдөн көрүнүп тургандай, бул совет мезгилиндеги чыгармаларын хронологиялык жактан гана эмес, өр талаша өйдөлөп бара жаткандыгына жана татаалдыгына да карагандай сезилет. (Бул жөнүндө кийнки макалада кенен токтолобуз).

Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары дүйнөгө чагылгандай тез тараган сайын кыргыз адабиятынын да арышы алга жылды. Натыйжада, жоон топ адабиятчы, сынчыларды, романисттерди алып келип, алардын илимий эмгектери, монографиялары жарык көрүп, адабиятыбыз болуп көрбөгөндөй бийиктикке чыга алды. Белгилүү сынчы-адабиятчы К.Асаналиев: «Айтматовду изилдеген ар бир адабиятчынын өзүнчө жолу болууга тийиш», –дегендей, жазуучунун чыгармачылыгын изилдеген кыргыз окумуштуулары, Айтматов өзү атагандардан сырткары – К. Даутов, А. Эркебаев, А. Акматалиев, Л. Үкүбаева ж.б. айтматов таануучулардын катарын толукташты. Ошол кездеги прозаиктердин да арааны жүрүп, чыгармачылык менен алп урушкан жазуучулардын саны көбөйгөн [2:289].

Жыйынтыктап айтканда, аталган окумуштуулар Ч. Айтматовдун чыгармалары бүгүнкү күндүн жаңы адамдары жөнүндөгү түшүнүк менен жаңы нравалык принциптер менен шайкеш келген каармандардын жан дүйнөсүндөгү жана моралдык-нравалык мүнөзүндөгү касиеттерге турмуштун орчун проблемаларына ачыктан-ачык кайрылгандыгы, аларды көркөмдүктүн бийик чегинде чечкендиги менен бүткүл союздук масштабда окурмандардын жана сынчылардын көңүлүн өзүнө буруп, жаңы адамдын жаралышын, анын керт башынын калыптануусун чагылдырган оригиналдуу чыгармалардын катарында жогору баалангандыгын белгилешет. Бул совет доорундагы адабий иликтөөлөргө караганда бир топ чоң ийгиликтерге, ачык-айкындуулукка жетишүүгө шарт түзүп, айрым саясий кызыкчылыктар менен эсептешпеген макалалар, чыгармалар жарык көрүп, айтматов таануу илиминин эркин өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизди. Ал эми ар бир адабиятчы-сынчынын жазуучу жөнүндөгү белдүү эмгектери өзүнчө изилдөөнү талап кылат.

**Адабияттар**

1. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагынын 8 томдугу. 1-том, 2008.
2. Акматалиев А. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы: 1-том, – Б.: Шам, 1997.
3. Акматалиев А. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы: 2-том, – Б.: Шам, 1998.
4. Акматалиев А. Чыңгыз Айтматов. – Б.: Бийиктик, 2008.
5. Алиева Ф. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы адам концепциясы. – Ош, 2004.
6. Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф.: Мектеп, 1982.
7. Бобулов К. Тандалган чыгармалардын жыйнагы. 3-том, – Б.: Полиграф-ресурс, 2011.
8. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 3-том. – Б.: 2009.
9. Кыргыз совет адабияты. Орто мектептин 10-11-классы үчүн окуу китеби. – Ф.: Мектеп, 1980.

**OSHGU NURMAMATOVA M.T., teacher, OshSU**
nurmamatova.meylikan@mail.ru

## Chyngyz Aitmatov in the studies of Kyrgyz literary (1960-1980)

*This article describes some of the common and opposite sides of the study of Aitmatovs creativity among Kyrgyz literary.*

***Keywords:*** *writer, Soviet literature, literary criticism, socialist realism, artistic thinking and creative evolution.*